**Тажибаева Жаркын Кадыркуловнанын "Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы инсанды калыптандыруу идеялары жана аларды адабият сабагында окутуп-үйрөтүүнүн илимий-методикалык негиздери" деген аталыштагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча, педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине карата**

# РАСМИЙ ОППОНЕНТТИН ПИКИРИ

**Изилдөө үчүн тандалып алынган теманын актуалдуулугу.**

Тажибаева Жаркын Кадыркуловнанын "Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы инсанды калыптандыруу идеялары жана аларды адабият сабагында окутуп-үйрөтүүнүн илимий-методикалык негиздери" аттуу диссертациясында Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы инсанды калыптандыруу идеяларын иргеп алып, аларды окутуунун методикасын сунуштаган.

Ч.Айтматовдун чыгармаларын окутууга жетиштүү деңээлде сааттар бөлүнгөнү белгиленип, бирок төмөндөгүдөй кыйынчылыктарга токтолот:

Биринчиден, учурда мектеп окуучулары көркөм-адабий китептерди жакшы окубай, мектепте алардын түп нускасы менен таанышпай эле, сабакта алган маалыматтар менен чектелүүдө;

Экинчиден, чыгармаларды сабактан окуп-үйрөнүшкөнү менен, анын каармандарынын мыкты сапаттары жеткире талданбай, сюжети менен гана чектелип, алар аркылуу инсандык мыкты сапаттарга тарбиялоого анчалык маани берилбей келгени байкалууда;

Үчүнчүдөн, мектептерде адабият сабагын окутуу боюнча түзүлгөн мамлекеттик стандарттагы компетентүүлүктөр, андагы окуучулар ээ болуучу натыйжалар, окуучунун билимин баалоо стратегиялары мектептерге жетпей жатат;

Төртүнчүдөн, мектептерге Ч.Айтматовдун чыгармаларын окутуу тууралуу методикалык эмгектерде мугалимдер ал чыгармалардагы мыкты каармандар аркылуу чагылдырылган инсандык үлгү сапаттарды системалап,

мүнөздөп, аларды балдарга жеткирүү жолдору, таалим-тарбия методдору менен каражаттары иштелип чыкпаган.

Андыктан, мектептердеги адабият сабагын окутуу системасында адабий-теориялык аспектиге гана басым коюлбастан, адабият педагогикалык каражат экендигин эске салуу менен, айрыкча, Ч.Айтматовдун чыгармаларын окуп-үйрөнүүнү заманбап технологиялар менен окутуу, анын жаңы ык, жолдорун иштеп чыгуу зарылдыгы теманын актуалдуулугун аныктап турат.

**Изилдөөнүн жаңылык деңгээлин төмөнкүлөр менен аныкталат:**

1.Инсандык, тарбия берүүдөгү көйгөйлөргө жараша Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын үлгү, адамгерчилик сапаттарынын иргелип алынышы, алардын тарбиялык мүмкүнчүлүктөрүнүн аныкталышы;

2.Мектеп программасынын негизинде инсандык атуулдук таалим-тарбия берүү идеяларынын системага салынышы;

3.Мектептерде Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы үлгү каармандарды талдап-үйрөнүүдө окуучуларга атуулдук тарбия берүү боюнча моделди иштеп чыгуу жана ал модель боюнча иштөөнүн методдорунун, технологияларынын сунушталышы;

Изилдөөнүн **максаты** кыргыз адабияты сабагында жогорку класстын окуучулары инсандык, нравалык сапатка калыптандырууда, Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандарынын инсандык үлгү сапаттары аркылуу, окутуунун теориялык-методикалык моделин иштеп чыгуу, аларды практикада колдонуунун жолдору менен ыкмаларын аныктоо, аны тажрыйбада сунуштоо.

Аталган максатка жетүү үчүн төмөнкүдөй **милдеттер** коюлган:

-Жаш муундарга инсан катары тарбия берүү идеяларынын маани-маңызын ачуу, инсандык мыкты сапаттарды системалоо, инсандык сапаттарга тарбиялоо боюнча педагогикалык-психологиялык, методикалык адабияттарды талдоо;

-Мектептин жогорку класстарында окуп-үйрөтүүчү Ч.Айтматовдун

чыгармаларындагы каармандардын үлгү сапаттарын анализдөө, аларды системага салуу;

-Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын үлгү сапаттары аркылуу жаш муундарды тарбиялоо мүмкүнчүлүктөрүн ачуу, аларды 5-11- класстарда окуп- үйрөтүүнүн технологияларын иштеп чыгуу;

Иштелип чыккан методдорду жана технологияларды педагогикалык экспериментте сыноо, анын натыйжаларын практикага сунуштоо.

Диссертациянын түзүлүшү системалуу жана логикалык жактан ыраатуу.

Диссертациянын **биринчи главасы** "Инсандын белгилери, аны адабият сабагында окуп-үйрөнүүнүн, калыптандыруунун негиздери жана Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын үлгү сапаттарынын чагылдырылышы" деп аталып, инсандын мүнөздөмөсү, түзүлүшү аны калыптандыруунун өнүктүрүүнүн педагогикалык психологиялык адабияттарда изилдениши, Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын үлгү сапаттарынын чагылдырылышы изилденген. (13-39-бб.).

Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын мыкты сапаттары инсандык деңгээл, адамгерчилик, ыймандуулук жана башка сапаттар боюнча суроо-тапшырмалардын топтому түзүлүп, аларга тиешелүү жоопторду алган жана талдаган. Анын жалпы жүрүшү, уюштурулушу тыянактары жөнүндө диссертациялык изилдөөнүн акырындагы атайын бөлүмдө берилген. Бул бөлүмдө Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын инсандык сапатын окутуунун педагогикалык маани-маңызына, ал аркылуу балдарга инсандык тарбия берүүнүн принциптүү багыттарына, мазмунуна көңүл бурулуп, Ч.Айтматовдун инсандык маселени камтыган чыгармалары каралган. Ошондой эле, инсандын мүнөздөмөсүнө токтолуп, анын түзүлүшү, инсанды калыптандыруунун, өнүктүрүүнүн педагогикалык-психологиялык адабияттарда изилдениши каралган. Мындан тышкары, Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын үлгү сапаттарынын чагылдырылышы изилденген. Бүгүнкү күндө инсандык тарбиялоонун негиздерин жана оң каармандардын мыкты сапаттарынын тарбиялык

таасири, көркөм чыгармаларды окутуу аркылуу калыптандыруу зарылчылыгы келип чыгууда. Республикабыздын мектептеринде Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы оң каармандардын мыкты сапаттарын иргеп алып, философиялык негизде окуутуу иштеринде тереңдетилген программа менен сунуш кылынган. Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынын дээрлик бардыгы, каармандын ички дүйнөсүнүн руханий деңгээлин, инсандык мыкты касиеттерин, дүйнө кабылдоосун ар тараптуу чагылдырып, адам баласынын психологиясына чоң таасир калтырып, ички мотивди козгой тургандыгы тастыкталган. Эң башкысы, адам баласынын мүнөзүндөгү, психологиясындагы өзгөчөлүктөрдү, адеп-ахлактык, ыймандык, моралдык-этикалык проблемаларды козгоо менен бирге, адамдын жан дүйнөсүнүн калыптанышына, айлана-чөйрөнүн таасирин өтө кылдат сергектик, жоопкерчилик менен мамиле кылуунун зарылдыгын, муктаждыгын адамзат алдындагы ыйык парз экендигин ишенимдүү сүрөттөгөн (27-28-бб.).

Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы оң каармандардын үлгү сапаттарын иргеп алып, аны окутуунун усулдары менен байланыштырып, окутуунун принциптерин колдонуп, окутуудагы моделдерди түзүп, практикага сунуш кылуу зарыл экендигин далилдеген.

Жазуучунун “Саманчынын жолу”, ”Ак кеме” ,”Биринчи мугалим” “Жамийла”, Бетме-бет” повесттериндеги каармандардын үлгү сапаттары бөлүп көрсөтүлгөн. Айрым образдарды интерактивдүү окутуунун үлгүлөрү берилген (31-41-бб.).

**Экинчи глава** “Ч.Айтматовдун повесттериндеги каармандардын инсандык сапаттары аркылуу, окуучуларды үлгү сапаттарга калыптандыруу жана аларды окуп -үйрөнүүнүн методдору” деп аталып, жогорку класстарда Ч. Айтматовдун повесттериндеги каармандардын инсандык сапаттарынын классификациясы жана аларды окуп-үйрөнүүнүн методдору жана10-11-класстарда Ч.Айтматовдун романдарындагы каармандардын инсандык сапаттарынын мисалында, мектеп окуучуларын калыптандыруунун технологиясы изилденген (41-83-бб.).

Мугалимдер окуу процессинде окутуу методдорун окуучулардын жаш курагына карата окутушат, анткени ар бир окуучунун курактык өзгөчөлүктөрү, жөндөмдөрү, ички жана тышкы мотивдери бар. Ошол мотивдерди, айрыкча, ички мотивдерди жогорулатуу, 10-11-класстагы окуучулар үчүн, окутуу жана тарбиялоодо психологиялык жана педагогикалык методдорду сабак өтүүдө көргөзмөлүүлүк принциби менен айкалыштырып өтүү өз жемишин берет. Көбүнчө көргөзмөлүүлүк принциби образдуу түшүнүктөр аркылуу, окуучулардын ойлоо, кыялдануу, элестетүү сыяктуу психологиялык түшүнүктөрүнө чоң таасирин берет.

10-11-класстагы окуучулардын дүйнө таанусуна, инсандык калыптануусунда төмөнкүдөй өзгөчөлүктөр кездешерине токтолот:

Бул жаштагылар үчүн көркөм чыгармалар, адабий негиздер чоң мааниге ээ; Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы инсандык сапаттар окуучулар үчүн каражат катары колдонулат; Окуучулар бул чыгармалардан дүйнө таанууну, мекенди сүйүүнү, патриоттуулукту, аң-сезимдүүлүктү, адамгерчиликти үйрөнүшөт; Каармандардын образдары аркылуу окуучулар табиятка мамиле жасоону өздөштүрүшөт; Инсандык калыптануусу түптөлө тургандыгын тастыктайт (62-63-бб). Ч.Айтматовдун повестериндеги адамдык сапат, ыймандуулук маселеси, адамгерчилик, инсандык сапаттар ар бир чыгармасында камтылгандыгына токтолуу менен "Бетме-бет", повестиндеги Сейде менен Ысмайылдын сапаттарынын айырмасын, окшоштуктарын үйрөтүүгө токтолот (69- 75-бб.). Ошондой эле, "Биринчи мугалим" повестинен Дүйшөндүн, "Саманчынын жолу" повестинен Толгонайдын, "Гүлсарат" повестинен Танабайдын, "Делбирим" повестинен Асел менен Ильястын инсандык сапаттарын классификациялоо менен, аларды үйрөтүүнүн методдорун сунуштаган (75-104-бб.).

Окуучуларды Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын үлгү сапаттарын калыптандыруунун модели берилген. (88-89-бб.) Мындан

тышкары, Ч.Айтматовдун романдарындагы каармандардын инсандык сапаттарынын мисалында, мектеп окуучуларын калыптандыруунун технологиясы иштелип чыккан (94-114-бб.).

**Үчүнчү главада** Ч.Айтматовдун романдарындагы инсандык сапаттардын мисалында окутууну калыптандыруунун дидактикалык моделин жүзөгө ашыруу боюнча жүргүзүлгөн педагогикалык эксперимент жүрүшү берилген. Аталган главада мектептердеги Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын үлгү сапаттары аркылуу инсандык оң сапаттарды калыптандыруучу сапаттардын теориялык-методикалык модели иштелип чыккан (120-б.). Ошондой эле, Ч. Айтматовдун чыгармалары боюнча түзүлгөнн суроолор жана алардын жооптору берилген. Аталган главада педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары жана алынган натыйжалар көрсөтүлгөн (126-133-бб.).

Иштин аягында изилдөөнүн жалпы жыйынтыктары, корутундулар жана практикалык сунуштар, адабияттардын тизмеси, тиркеме берилген.

Тажибаева Жаркын Кадыркуловнанын “Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы инсанды калыптандыруу идеялары жана аларды адабият сабагында окутуп-үйрөтүүнүн илимий-методикалык негиздери” аттуу диссертациялык ишинде берилген илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштардын негизделиш даражасы жогору жана анын практикалык мааниси боюнча мектептерде кыргыз адабиятын окутуу предметинин жумушчу программаларын, окуу китептерин, усулдук колдонмолорду түзүүчүлөр, методист-окумуштуулар жана мугалимдер пайдалануу менен билим берүүнүн сапатын жогорулатууга жардам берет.

Диссертациянын авторефератында изилдөөнүн мазмуну, негизинен чагылдырылган, андан эмгектин логикасын аңдап билүүгө болот. Иштин теориялык ойлору практикада сынактан өткөрүлгөн.

Жарыяланган эмгектердин саны –19 жана алар теманын негизинде жазылган, ЖАК талап кылган басылмаларда жарыяланган.

Диссертациялык изилдөөдө мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун илимий-методикалык негиздери теориялык жана практикалык орчундуу маселелери ийгиликтүү аныкталышы менен бирге, иштин жалпы сапатына анча таасир эте албаган айрым кемчиликтер да кездешет.

Алар:

1.Экинчи главанын экинчи параграфында жогорку класстарда Ч.Айтматовдун романдарындагы каармандардын үлгү сапаттарынын мисалында, мектеп окуучуларын калыптандыруунун технологиясы деп аталат, бирок аталган бөлүмдө жазуучунун "Атадан калган туяк" аңгемесиндеги каармандардын үлгү сапаттары да берилген.

2. Диссертациянын мазмунунун беттери менен диссертациянын беттери дал келбейт.

3. Иште орфографиялык, пунктуациялык жана стилдик каталар кездешет.

**Жыйынтыктап айтканда,** Тажибаева Жаркын Кадыркуловнанын "Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы инсанды калыптандыруу идеялары жана аларды адабият сабагында окутуп-үйрөтүүнүн илимий-методикалык негиздери" аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча диссертациялык иши жана анын автореферaты Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялоо комиссиясынын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү жобосунун» талаптарына ылайык иштелип чыккан эмгек болуп саналат. Изилдөөнүн автору Тажибаева Жаркын Кадыркуловна аталган адистик боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

**Расмий оппонент,**
**К.И.Скрябин атындагы КУАУнун Мамлекеттик тил жана тарбия иштери боюнча проректору,**
**педагогика илимдеринин доктору, профессор Батаканова С.Т.**

Дата поступления оригинала 6 экз 08.01.2018 г

И. АРАБАЕВ ат. КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ

Подпись С.Т. Батакановой кол тамгасын тастыктайм заверяю.
Нач. отдела кадров
"04" 01 2018 г.